КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ ЖАНА МАДАНИЯТ МИНИСТРЛИГИ
КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УЛУТТУК УНИВЕРСИТЕТИ

Кол жазма укугунда
УДК 8:89:894.341

ТУРДУБАЕВА НАЗГҮЛ ШАРШЕНАЛИЕВНА

ЖУСУП БАЛАСАГЫНДЫН "КУТАДГУ БИЛИГ" ДАСТАНЫ ЖАНА АНЫШ ТҮРК ТИЛДЕРИНДЕГИ КОТОРМОЛОРУ

10.01.01 - кыргыз адабияты

Филология нлимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын
а в т о р е ф е р а т ы

Бишкек - 2001

Иш Кыргыз мамлекеттик улуттук университетинин кыргаз адабияты кафедрасында аткарылды.

Илимий жетекчи: Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген ишмер, Кыргыз Республикасынын мамлекеттик сыйлыгынын лауреаты, филология илимдеринин доктору, профессор К.Артыкбаев

Официалдуу оппоненттер: филология илимдеринин доктору, профессор А.Егеубаев.

филология илимдеринин кандидаты, профессор С.Бяйгазиев.

Жетектеөчү мекеме: Бишкек гуманитардык университетинин кыргаз адабияты кафедрасы.

Иш 2001-жылдын 28.06 саат 15.00 Кыргыз мамлекеттик улуттук университетинин жана Илимдер улуттук академиясынын Манас таануу жана көркөм маданиятгын улутгук борборунун алдындагы филология илимдеринин доктору (кандидаты) илимий даражасын ыйгаруу боюнча Д 10.01.125 Адистештирилген кеңешинин жыйынында корголот.

Дареги: Бишкек шаары, Манас проспектиси, 101

Диссертация менен Кыргыз мамлекетгик улуттук университетинин илимий китепканасынан таанышууга болот.

Автореферат таркатылды 25.05.2001

Адистештирилген кеңештин окумуштуу катчысы, филология илимдеринин кандидаты, доцент Ж.Рыскулова

ИШТИН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

Теманын актуалдуулугу: Жусуп Баласагын (же Юсуф Баласагуни, Юсуф Баласагунский) жана анын "Кутадгу билиг" дастаны кыргыз адабият таануу илиминде 60-жылдардан баштап эле изилдене баштаган. Адегенде, дастандын тилдик өзгөчөлүктөрүнө көбүрөөк көңүл бурулуп, кийинчерээк түрк элдеринин ичинен кайсы элге көбүрөөк таандык деген маселенин тегерегинде ой-пикирлерди, көз караштарды айтуу күч алган. Буга алгачкы мисалдар иретинде окумуштуу тилчилер Ү.Асаналиев менен К.Ашыралиевдин "Кутадгу билиг" эстелигинин тилдик өзгөчөлүктөрү" атгуу эмгеги (1965) меней 1967-жылы жарык көргөн илимпоз, профессор К.Артыкбаевдин "Адабияттын алгачки башатына көз чаптырсак" аттуу макаласын атасак болот[1]. Биринчи эмгектеги авторлор "Кутадгу билиг" эстелигинин тилин азыркы уйгур, өзбек, кыргыз тилдеринин материалдарына салыштырууда фонетикалык, лексикалык, грамматикалык белгилеринин жакындыгы жана айырмачылыктары жөнүндө сөз кылышса, ал эми профессор К.Артыкбаев адабиятыбыздын тарыхын байыркы мезгилдерден баштоону, орто кылымдагы адабий эстеликтерибизди жана көптөгөн акын-ырчылардын чыгармачылыктарын кеңири үйрөнүп, адабиятыбыздын тарыхына киргизүүнү сунуш кылган. Ошондой эле, автор "Ж.Баласагын жана анын "Кутадгу билиг" дастаны жалпы түрк элдерине таандык орток адабий мурас, анын ичинен кыргыз элине көбүрөөк таандык"[2], - деген бир орчундуу көз карашын айткан. Автордун бул макаласы ал кезде кызуу талаш-тартыштарды туудуруп, орток адабий мурас деген маселеге коомчулуктун көңүлүн буруп, бул маселенин андан ары изилденишин күн тартибине курч койгон бОлчу. Ал эми кыргыз адабият таануу илиминде бул эстелик кайсы түрк элине көбүрөөк тиешелүү деген концепция, 80-жылдардын экинчи жарымынан, тагыраак айтканда, кайра куруу саясаты күч алган кезден тарта кайрадан козголо баштаган. Ошондой эле, ал жылдары бул эстеликтин түрк элдеринин тилдериндеги (өзбек, уйгур, казак, түрк, кыргыз, Үрүмчүдөн чыпскан кыргыз тилиндеги) жана орус тилиндеги котормолору да жарыяланган, Атап айтканда:

1. Юсуф Хас Хажиб. Кутадгу билиг. (Каюм Каримовдун өзбек тилиндеги котормосу) - Ташкент: Фан, 1971, 963 б.
2. Юсуф Баласагунский. Благодатное знание. (С.Н.Ивановдун орус тилиндеги котормосу) - Москва: Наука, 1983, 556 б.
3. Юсуп Хас Хажип. Кутадгу билиг. (Абдурахим Өткүр, Ахмет Зийаи, Мамтемин Юсуптердин уйгур тилиндеги котормосу). - Пекин: Бейжин, 1984,1367 б.

[1] Асаналиев Ү., Ашыралиев К. Кутадгу билиг эстелигинин тилдик өзгөчөлүктөрү. - Ф.: Илим, 1965.
[2] Артыкбаев К. Адабияттын алгачкы башатына көз чаптырсак // Кыргыз маданияты. - 1967. - 1-январь.

4. Жүсіп Баласагын. Кутты бшк. (А.Егеубаевдин казак тилиндеги котормосу). - Алматы: Жазушы, 1986, 613 б.
5. Юсуф Хас Хажип. Кутадгу билиг. (Р.Р.Араттын түрк тилиндеги котормосу). - Анкара: 1988, 447 б.
6. Жусуп Баласагын. Кут алчу билим. (Т.Козубековдун кыргыз тилиндеги котормосу). - Фрунзе: Кыргызстан, 1988, 527 б.
7. Жусуп Хас Хажип. Кут даарытар билим. (Турганбай Кылычбек, Норуз Үсөнаалынын кыргыз тилиндеги котормосу, араб тамгасында басылган). - Үрүмчү: Шинжаң, 1992, 779 б.
8. Жусуп Баласагын. Куттуу билим. (Т.Козубековдун кыргыз тилиндеги котормосунун экинчи басылышы). - Москва: НИК, 1993, 493 б.[1]

Мына ушул котормолордун пайда болушу, албетте, котормолордун сапаты кандай болду, автордун оригиналда берилген философиялык ойлору, көркөм сөз каражаттары толук ачылдыбы, кайсы түрк элдеринин тили эстеликтин тилине жакын деген сыяктуу табигый суроолордун пайда болушуна алып келди. Ал эми мындай суроолорго жооп табуу үчүн, адегенде бул эстеликтин тегерегинде буга чейинки изилдөөлөрдү, талаш маселелерди ачып берүү зарылдыгы туулуп, андан кийин эстеликтин оригиналына түрк тилдериндеги жана орус тшшндеги котормолорун салыштырып, алардагы оң, терс көрүнүштөрдү ачып көрсөтүп, кайсы түрк элдеринин тилине көбүрөөк жакын экендигин аныктоо, диссертациянын актуалдуулугун арттырары айтпасак да белгилүү болууга тийиш.

Извлдөөнүн максаты: Жогоруда саналып өткөн котормолор жарыялагандан кийин алар тууралуу окумуштуулар: Э.Н.Наджиптин, С.Сыдыковдун, Б.Тухлиевдин, Н.Калимбетовдун, Р.Арзиевдин, А.Касымжановдун, Ж.Шериевдин, С.Караевдин, К.Артыкбаевдин, С.М.Фомкиндин ой-пикирлери жарыяланган. Мына ушул ой-пикирлер канчалык даражада туура экендигин далилдөө иретинде түрк элдеринин тилдериндеги (уйгур, өзбек, түрк, казак, кыргыз, Үрүмчүдөн чыккан кыргыз тилинде) жана орус тилиндеги котормолорду оригиная менен салыштырып, алардагы оң, терс көрүнүштөрдү ачып көрсөтүү менен котормолордун жалпы абалын жана дастандын оригиналына кайсы түрк элдеринин тили көбүрөөк жакын экендигин байкоо, бул иштин максаты болуп эсептелет. Мындай максатты иш жүзүнө ашырууда өзбек жана уйгур тилдериндеги котормолордо берилген транскрипциялык текстер оригинал катары пайдаланылды. Анткени, өзбек жана уйгур тилдеринде жарыяланган котормолорду барактап ачканда оң жак бетинде **«түп нусканын** же **оригиналдын»** (бул аныктаманы биз шарттуу түрдө гана колдонуп жатабыз. - Т.Н.) транскрипциялык тексти кошо берилген.

[1] Эскертүү: Мындан ары жогоруда саналып өткөк түрк тилдериндеги жана орус тилиндеги котормолордон мисал келтиргенде, китептин бети гаиа көрсетулгөн, Ошондой эле, латын тамгасында берилген оригинал, араб тамгасында басылган уйгур, Үрүмчүдөн чыккын кыргыз тилиндеги жана өзбек, түрк, казак алфавитиндеги котормолор азыркы криллицага салышып берилди. (Т.Н.)

Изилдөөнүн максатына ылайык төмөнкүдөй маселелерди чечүүгө туура келди:

«Кутадгу билиг» дастанынын түрк тилдериндеги жана орус тилиндеги поэтикалык котормолоруна талдоо берүү үчүн колдон келишинче байыркы түрк тйлдерин, анын ичинен «Кутадгу билиг» дастанынын тилин үйрөнүү зарылдыгы туулду. Ансыз илимий негизде иш жүргүзүү эч мүмкүн эмес эле.

Азыркы уйгур, өзбек, казак, түрк тилдерин мүмкүндүктүн болушунча үйрөнүүдө көбүнчө сөздүктөр аркылуу иштөөгө жана Үрүмчүдөн чыккан кыргыз тилиндеги котормону туура баалоо үчүн, араб графикасын үйрөнүүгө да туура келди.

Коргоого коюлуучу негизги жоболор: Жусуп Баласагын жана анын «Кутадгу билиг» дастанынын тегерегиндеги жүргүзүлгөн изилдөөлөрдү, байыркы түрк жана азыркы түрк (уйгур, өзбек, казак, түрк) тилдерин, көркөм котормонун теориялык-практикалык маселелерин жеткиликтүү өздөштүрүү менен, коргоого алып чыгуучу негизги жоболор мына булар:

Ж.Баласагын жана анын «Кутадгу билиг» дастаны жалпы түрк элдерине таандык, орток адабий мурас болуу менен бирге, анын ичинен өзгөчө, кыргыз элине таандык мурас деп эсептеген буга чейинки көз караштын толук негиздүү айтылгандыгын дагы тереҢирээк, далилдүүрөөк бекемдөө;

«Кутадгу билиг» дастаныиын тили азыркы түрк тилдердин ичинен кыргыз тилине өтө жакын экедцигин оригиналдагы кээ бир тилдик өзгөчөлүктөр далилдей тургандыгын аныктап көрсөтүү;

«Кутадгу билиг» дастанынын түрк тилдериндеги котормолорунун ичинен уйгур, өзбек, казак, түрк,, Үрүмчүдөн чыккан кыргыз тилиндеги котормолор оригиналга жакын которулгандыгын, ал эми кыргыз жана орус тилдериндеги котормолордо оригиналдан айырмаланган фактылардын көбүрөвк ррун алгандышн далилдеп берүү.

Изилдөөнүн предмети: Ж.Баласагын жана анын «Кутадгу билиг» дастанынын тегерегинде буга чейин жарыяланган илимий-теориялык макалалар, дастандын оригиналынын мазмуну, тили, анын жогоруда аталып өткөн түрк тилдериндеги жана орус тилиндеги котормолору, көркөм котормонун теориялык, практикалык маселелери боюнча бүгүнкү күнгө чейин жарыяланган материалдар изилдөөнүн негизги предмети болду.

Изилдөөнүн методологиялык негизин адабият таануу илиминдеги буга чейин жарыяланган илимий-теориялык материалдар, көркөм котормонун теориясы, эски славян тилиндеги чыгармалардын азыркы славян тилдерине которулушу тууралуу илимий теориялык, практикалык материалдар, кыргыз адабият таануу илиминдеги көркөм котормолорго байланыштуу жарыяланган илимий эмгектер түздү.

Изилдөөнүн илимий жаңылыгы: Кыргыз адабият таануу илиминде Жусуп Баласагындын «Кутадгу билиг» дастаны жана анын түрк тилдериндеги котормолору биринчилерден болуп диссертациялык деңгээлде изилденди. Мындай изилдөө бул эстеликтин кыргыз адабият таануу

илиминде кандайча таанылгандыгы жана кандай деңгээлде изилденгендиги тууралуу хронологиялык тартипте кеңири маалымат берүүгө толук мүмкүндүк түзөт. Опюндой эле, түрк тилдериндеги жана орус тилиндеги котормолор оригинал менен салыштырылып, алардагы ар кыл он, терс көрүнүштөр ачылып көрсөтүлүп, дастандын оригиналына кайсы түрк элинин тили көбүрөөк жакын экендиги мүмкүндүктүн жетишинче далилденип берилди. Мындай изилдөө илимий иштин жаңылыгын аныктайт.

Изилдөөнүн теориялык мааниси: Орхон-Енисей тексттеринин уландысы катары «Кутадгу билиг» дастанынын түрк тилдериндеги котормолорун оригиналга салыштыруунун натыйжасында XI кылымдагы байыркы түрк тили азыркы түрк тилдерине, анын ичинен өзгөчө, кыргыз тилине канчалык жакын экендигин; ошондой эле, «Кутадгу билиг» дастанынын мазмуну, автордун ар кыл ой-жүгүртүүлөрү түрк тилдериндеги жана орус тилиндеги котормолордо сакталганбы, же тескерисинче, сакталбаганбы деген маселелердин ажаты ачылып, окурмандардын туура түшүнүүсүнө өбөлгө түзөт. Мындай изилдөө «Слово о полку Игореве» аттуу эски славян тилиндеги зстеликтин азыркы орус, украин, белорусь, серб тилдерине которулушу жөнүндөгү илимий эмгектер бул изилдөөбүздүн теориялык багытына жагымдуу таасир этүү менен гана чектелбестен, анын түрк тилдериндеги котормолорундагы тажрыйбаларды кандайдыр бир деңгээлде теориялык жалпылоого да мүмкүндүк берди.

Изилдөөнүн практикалык мааниси:

«Кутадгу билиг» дастанынын түрк тилдериндеги жана орус тилиндеги поэтикалык котормолорун оригиналга салыштыруунун натыйжасында кайсы түрк тилдериндеги котормо мазмуну, формасы жагынан дурус, же тескерисинче, кайсы котормолор начарыраак чыгап калганын аныктоого мүмкүндүк ачат, аны кайрадан которуу жөнүндө сунуш берүү менен келечекте залкар чыгарманын автордук вариантына жакын көркөм котормонун жаралышына көмөкчү болот.

Жогорку окуу жайларынын филология факультеттеринде өтүлүүчү лекциялык курстарды толуктоого мумкүндүк берет жана өзүнчө адистештирүү курсу катары өтүү үчүн «Кутадгу билиг» дастанынын түп нускасы, түрк тилдериндеги жана орус тилиндеги котормолорунун абалы тууралуу кеңири маалымат берүүгө мүмкүнчүлүк ачат.

Азыркы орто мектептердё кыргыз адабият сабагында Ж.Баласагындын «Кутадгу билиг» дастанынын «Дарыгерлер жөнүндө», «Акындар жөнүндө», «Дыйкандар жөнүндө», «Кол өнөрчүлөргө кандай мамиле жасоо жөнүндө» аттуу главалары 7-8-класстын окуу программасына киргизилип жана окутулуп жатат. Ошол үйрөтүлүп жаткан главалардын котормолоруна берилген талдоо кандайдыр бир деңгээлде, ал котормолордун абалын туура түшүнүүгө жана туура жыйынтык чыгарууга жардам берет. Азыр дастандагы автордун окууга, билимге байланыштуу айтылган кээ бир философиялык ойлору үлгү катары кыргыз тили жана адабият кабинеттерине илине

баштады. Мисалы, борборубуздагы № 10 кечки жумушчу жаштар орто мектебинин кыргыз тили жана адабият кабинетинде:

Илимде- кең молчулук, окуу - улук,
Адамда ушул эки артыкчылык. (49-б.)

деген; автордун 6-главасындагы 152-кош сабы үлгү катары илинип турат. Бул кош сап Т.Козубековдун котормосунан алынган. Эгерде бул кош сапты дастандын оригиналына салыштырып байкап көрсек, канчалык даражада айырмачылык бар экендигин, ошоңдой эле, 7-8-класстын окуу программасында окутулуп жаткан главаларындагы кээ бир кош саптар оригиналдан алыс которулгандыгын байкоого болот. Мына ушундай айырмачылыктарга жол бербөө үчүн туура багытта үйрөнүүгө жардам берет.

Иштин апробацияланышы. Диссертациянын негизги жоболору жана тыянактары илимий-теориялык конференцияларда баяндалып оң бааланган. Атап айтканда, КМУУнун аты «Улуттук» деп аталышына 5 жыл болгонуна байланыштуу 1998-жылы илимий конференция өткөрүлүп, бул конференцияда «Кутадгу билиг» дастанынын тили» аттуу баяндама жасалып, ушул эле аталыштагы макала 1999-ж. «Вестник КГНУ. Специальный выпуск. Гуманитарно-экономические науки» аттуу жаш изилдөөчүлөргө атайын бөлүнгөн илимий-теориялык жыйнакка, Кыргыз Мамлекеттик Улутгук Университетинин алдында 1998-2001-жылдары жарыяланган «Вестник КГНУ» аттуу илимий-теориялык жыйнакка, «Эл агартуу» журналына да макалалар жарыяланган.

Днссертациянын структурасы киришүүдөн, эки главадан, корутундудан жана колдонулган адабияттардын тизмесинен турат.

ИЗИЛДӨӨНҮН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

Кириш сөздө теманын актуалдуулугу негизделип, максат жана маселелери аныкталды. Ошондой эле, коргоого коюлуучу негизги жоболор, изилдөөнүн предмети, методологиялык негизи, илимий жаңылыгы жана илимий практикалык-теориялык баалуулугу көрсөтүлдү.

Биринчи глава: "Жусуп Баласагын жана анын "Кутадгу билиг" дастаны түрк элдеринин адабият таануу илимннде" деп аталды. Анткени, "Кутадгу билиг" дастанынын түрк тилдериндеги жана орус тилиндеги котормолорун оригинал менен салыштыруудан мурун, Ж.Баласагын жана анын "Кутадгу билиг" дастаны түрк элдеринин адабият таануу илиминде кандайча таанылды жана кандай аракетте изилденди деген маселелердин тегерегинде азыноолак маалымат берип кетүү да өтө зарыл эле. Ансыз, "Кутадгу билиг" дастанынын. түрк тилдериндеги жана орус тилиндеги котормолорунун абалы жөнүндө сөз айтуу жетишсиз болуп калмак. Ошондуктан, бул .главаны мындай атоо менен Ж.Баласагын жана анын "Кутадгу билиг" дастаны түрк, орус адабият таануу илиминде окумуштуулар тарабынан кандайча изилденди, тагыраак айтканда, "орто кылымдагы түрк тилинде жазылган бул эстеликти орток мурас катары кароо керекпи же кайсы

түрк элине көбүрөөк таандык?", - деген сыктуу маселелердин тегерегинде 60-90-жылдары окумуштуулардын айткан пикирлери тууралуу хронологиялык планда маалымат берилди. Атап айтканда, "Өзбек ССРинин тарыхынын" биринчи томунун биринчи китебиндеги "XI-XII кылымдардагы Караханиддер кезиндеги Мавреннахр» деген VI главасында: «Кутадгу билиг» Караханиддер мамлекетинин тушундагы түрк урууларынын адабий эстелиги», - деп каралса, дагы бир жеринде: «Кутадгу билиг» XI кылымдагы түрк элинин эң баалуу эстелиги, Хаджиб Юсуф Баласагуни өзүнүн чыгыш теги жагынан Караханиддик түрк» деген аныктоолорду кезиктирүүгө болот[1]. Ал эми казак окумуштуулары филология илимдеринин кандидаты А.Ибатов менен проф.Б.Кенжебаевдер болсо, бул тууралуу мындайча ой пикирлерин билдиришкен. Фил.ил.канд. А.Ибатов: «Биздш ойымызша «Кутадгу білік» мурасы казіргі түрік туыстас тілдердін кай-кайсынын болсо да жеке меншігіне жаткызууга балмайтын, өз деуіріне, өз заманынын тарихи жагдайына байланысты сол кезде өмір сүрген барлык түрік туыстас тайпалардын баріне бирдей, демек, сол тайпалар негізінде калыптасып, казіргі кезде жеке халыктык тілдер даражесіне жетіп отурган барлык туыстас түрік тилдерінін баріне бірдей орток мүра болуп саналуы орынды»[2], - десе, проф. А.Кенжебаев: «...жогоруда аталган жазуу-сызууларды, жазма адабият нускаларын, адабий чыгармаларды, жазуучулар менен илимпоздорду азербайжан менен түркмөн да, кыргыз менен кара каппак да, казак менен өзбек да өз адабиятыбыз деп ээлик кылууга, адабият, тарыхына киргизүүгө акылары бар, ошондой кылууга милдеттүү!»[3] - дейт. Ал эми кыргыз адабият таануу илиминде Ж.Баласагын жана анын «Кутадгу билиг» дастаны жөнүндө жалпы эле орток адабий мурастар маселеси тууралуу алгачкылардан болуп олуттуу сөз козгогон илимпоз, профессор К.Артыкбаев болгон. Мындай ойдун далилдүү негизи болуп, автордун 1967-жылы 1-январда жарыяланган «Адабияттын алгачкы башатына көз чаптырсак» аттуу макаласы күбө болот. Негизинен, бул макаланын аты айтып тургандай, кыргыз адабиятынын тарыхына бул эстеликти киргизип үйрөнсөк, башкача айтканда, кыргыз адабиятын улуу эпосубуз «Манастан» кийин Т.Молдодон, Токтогулдан баштоо менен чектелбёстен, андан мурунку VI-IX кылымдардагы Орхон-Энесайдагы ташка жазылган адабий эстеликтерибизден баштап, XI кылымдагы Ж.Баласагындын «Кутадгу билиг» дастаны жана М.Кашкаринин «Түрк сөздөрүнүн жыйнагы» аттуу жазма эстеликтерин да кыргыз адабиятынын тарыхына киргизүү жана окутуу маселесин күн тартибине курч коюп, төмөндөгүдөй ойлорун да сунуш кылган:

- Бул адабий мурастар орток адабий мурастар, ошонун ичинде кыргыз элине көбүрөөк таандык. Анын тили азыркы кыргыздар үчүн да казак, өзбек, уйгур элдери сыяктуу эле түшүнүктүү.

[1] Ж.Баласагын жана М.Кашкардын мурастары. (Түзүп, басмага даярдаган К.Артыкбаев) - Б.: КМУУ, 1999, 184-бет.
[2] Ибатов А. Кутадгу билиг - багалы мүра // Казак адабияты? 1965, 15-январь.
[5] Кенжебаев Б. Казак адабиятынын тарыхы тууралуу // Казак адабияты, 1966, 18-март.

- Азыркы Токмок шаарынын түштүк жагында (Бурана мунарасы турган жайда) XI-XII кылымдарда да Баласагун шаары болуп, ал Караханид мамлекетинин экинчи борбору катары эсептелген. Ошол шаарда Ж.Баласагын туулган, ал өзүбүздүн жердеш бабабыз.

. Мына ушундай мүнөздөгү ой жүгүртүүлөрүн адабиятчы К.Артыкбаев сунуш кылгандан кийин, албетте, буга жооп иретинде ар түрдүү көз караштагы окумуштуулардын макалалары жарыяланган. Бул макалалардын мазмундарын окугандан кийин, негизинен, эки башка карама-каршы ойлордун айтылгандыгыа байкоого болот. Атап айтканда, илимпоз К.Артыкбаевдин көз караштарын жактаган биринчи позициядагы авторлор: тарыхчы Ө.Караев, жазуучу Т.Сыдыкбеков, адабиятчы Ж.Таштемиров, тарыхчы З.Белекова; ал эми экинчи ага карама-каршы позицияга: тилчи Э.Абдулдаев, философ Б.Аманалиев, аспирант Т.Назаралиев сыяктуу окумуштуулардын пикирлери кирет. Ушул талаш-тартыштыга кыскача мазмуну жөнүндө диссертацияда кеңири маалымат берилет, анткени андай маалыматтар илимий иштин өнүгүү динамикасын туура баалоо үчүн өтө зарыш эле. Алсак, тилчи Э.Абдулдаев «Орток адабий мурас маселеси» (Кырг.мад, 1967, 10-февраль) аттуу макаласында илимпоз К.Артыкбаевдин көтөргөн идеяларына карата каршы көз караштарын билдирип: «Ж.Баласагын жана анын «Кутадгу билиг» дастаны түрк элдерине таандык орток адабий мурас эмес, ал уйгур элине гана тиешелүү эстелик болуп саналат», - деген корутундуну чыгарса, тарыхчы Ө.Караев: «Тарыхый кабарлар менен таанышканда» (Кырг.мад., 1967, 10-март) аттуу макаласында: «жогоруда аталган окумуштуулардын кайчы пикирлеринин келип чыгашынын негизги себептеринин бири X-X1 кылымда Тянь-Шанда кыргыздар жашаганбы? - деген суроо менен баштап, Тянь-Шанда кыргыздар жашаган» деген ойду араб, фарс тарыхый булактарынын негизинде далилдеп, «Кутадгу билиг» дастаны кыргыздардын да адабий мурасы болуп эсептелишине негиз бар деген ишеничтүү тарыхый маалыматтарын айтып өтөт. Ал эми «Талаш жемиштүү болсо» (Кырг.мад., 1967, 14-апрель) аттуу макаласын жарыялаган философ Б.Аманалиев: «Кыргыздар бул эстеликтер жазышган уйгур адабий тилинен пайдаланган болсо, анда алар араб жазуусун жана ислам дииин X-XI кылымдарда эле кабылдаган болуп чыгат. Бирок мындай ой тарыхый маалыматтар менен кубаттала бербейт», - деп, ислам дининин кыргыдарга таралышы, алардын араб жазуусун колдоно башташы өтө эле кийинки мезгилге туш келерин айтып, профессор К.Артыкбаев тарабынан жогоруда айтылган ойлоруна кошула албай тургандыгын билдирет. Ушундай көз караштагы философ Б.Аманалиевдин макаласы жарыялангандан кийин, адабиятчы Ж.Таштемировдун «Орток мурастар жөнүндө ойлор» (Кырг.мад., 1967, 28-апрель) аттуу макаласы жарыяланган. Автор, бул макаласында профессор К.Артыкбаевдин көтөргөн идеяларынын бардыгын колдоого алат. Андан кийин тарыхчы А.Белекованын «М.Кашкари кыргыздар жөнүндө» (Кырг.мад., 1967, 28-апрель) аттуу макаласы жарыяланат. Автор, бул макаласында М.Кашкаринин сөздүгүнүн кириш

сөзүндө түрк элдери жөнүндө жазылган маалыматтардан эки жыйынтык чыгарат. Атап айтканда, биринчиден, кыргыздар да караханиддер мамлекетинин составында болгон жана Тянь-Шанда жашаганына күмөн саноого болбойт; экинчиден, XIII-XIV кылымдарга чейин түрк элдери өзбек, казак, кыргыз деп бөлүнүп, өзүнчө бүтүндөй аталбастан, бир тектеш тилде сүйлөгөн айрым-айрым түрк уруулары болгон. Ошондуктан, М.Кашкари өзү да сөздүгүн чигил, же уйгур сөздүгү дебей, «Түрк тилдеринин сөздүгү» деп кокусунан аталбаса керек деген жыйынтыктуу пикирин айтып, проф.К.Артыкбаевдин кыргыздарга да таандык орток адабий мурас деген пикирин андан-ары далилдеп берет. Ушуга удаа эле жазуучу Т.Сыдыкбековдун «Ата мурасы жөнүндө сөз» (Кырг.маданияты, 1967, 23-июнь) аттуу макаласы жарыяланат. Автор, адегенде, кыргыздар эң байыркы эл экендигин далилдөө иретинде бир топ аргументтерин келтирип, азыркы жандуу сөздөрдүн маанисин так баамдап, аны «Кутадгу билиг» дастанынын тилине салыштырып, анын теги кыргыздар менен өзөктөш экенин ишеничтүү далилдеп, «Ит атасын тааныбайт», - деген ата-бабалардын сөзүнө илинип калбайлык деген жыйынтыктуу пикирлерин жазып, жогоруда айтылып өткөн К.Артыкбаевдин идеяларыныш уландысы катары колдоого алат.

Ошентип, 1967-жылы «Кыргызстан маданият» газетасынын беттеринде көтөрүлгөн мына ушундай карама-каршылыктуу позициядагы авторлордун талаш-тартышы чындыктын түбүнө чыкпай, 80-жылдардын экинчи жарымына чейин өзгөрүүсүз абалда кала берген. Себеби, Кыргызстандагы бийлик ээлеринин жүргүзгөн идеологиялык саяеатынын таасири ал кезде күчтүү эле. Бирок муну менен жалпы түркология илиминде да ушундай абал түзүлгөн деп айтууга болбос эле жана буга тарыхый негиздер да жол бербейт. Мисалы, 1970-жылы 2-июндан 4-июнга чейин Ленинград академиясынын чыгыш таануу бөлүмүндө «Жусуп Баласагындын» 900-жылдыгына арналган бүткүл союздук түркологдордун IV конференциясы болуп өткөн. Бул конференцияда окулган докладдар, ошол эле жылы «Советская түркология» аттуу журналынын төртүнчү санына жарыяланган. Жарыяланган макалаларды окуп чыккандан кийин, Ж.Баласагын жана анын «Кутадгу билиг» дастаны жалпы түрк элдерине таандык орток адабий мурас деген пикирди кубаттаган окумуштуулар арбын экендигин байкоого болот. Бирок айрым тектеш түрк тилдеринин ичинен, өзгөчө, кийинки изилдөөлөрдө кээ бир окумуштуулар Ж.Баласагынды жана М.Кашкарды өз элинин төл адабий эстелиги катары эсептешип, анын ичинен, өзгөчө, уйгур элинин окумуштуулары эч кандай тарыхый негиздерге таянбай туруп, өздөрүнүн төл адабий эстеликтери катары көрсөтүүгө аракет кылып жүрүшөт. Буга мисал катары проф.А.Нарынбаевдин «Из истории общественной мысли древних и средневековых уйгуров» аттуу эмгегиндеги[1] жазган ойлорун келтирүүгө болот. Аталган эмгекте «Кутадгу билиг»

[1] Нарынбаев А. Из истории общественной мысли древних и средневековых уйгуров.. - Б : Илим, 1994, с. 108.

дастанынын философиялык өзгөчөлүктөрү жөнүндө гаиа айтылып, ал эми эмне үчүн «уйгур элинин окумуштуусу» деп аталгандыгы жөнүндө тарыхый таянган негиздер жөнүндө кабар бербейт. Мындай далилсиз айтылган пикирлерди байкаган филология илимдеринин доктору, проф. К.Артыкбаев «Дагы бир жолу орто кылымдагы адабий эстеликтерибиз жөнүндө» («Муг.газетасы, 1990, 20-сентябрь) аттуу макаласында кеңирирээк түшүндүрүп берген. Негизинен, бул макаласында принципиалдуу жаңы көз караштар айтылган. Тагыраак айтканда, автор 1967-жылы жарыяланган макаласында Ж.Баласагын жана М.Кашкари жалпы түрк элдерине таандык «орток мурас» деп зсептеген окумуштуулардын (В.Валитованын, Б.Кенжебаевдин, А.Ибатовдун) пикирлерине жана тарыхый илимий китептерде берилген маалыматтарга таянуу менен бирге, аларды кыргыз адабият тарыхына киргизүү жана окутуу маселелеринин тегерегинде ой жүгүртүүгө аракет кылса, ал эми 1990-жылы жарыялаган макаласында, бул эстеликтер «орток мурас» болуу менен бирге, анын ичинде эң биринчи кезекте кыргыздарга тиешелүү экендигин, уйгурлардын төл адабий эстеликтери катары эсептеген пикирлер аргументсиз айтылгандыгын далилдөөгө аракет кылат.

Чындыгында, Ж.Баласагындын «Кутадгу билип> дастанындагы жана М.Кашкаринин «Диванында» жазылган кириш сөздөрүндөгү маалыматтарды карай турган болсок, анда профессор К.Артыкбаев тарабынан айтылган пикирлерди колдоого болот. Анткени, Ж.Баласагын «Кутадгу билип> дастаньшын кара сөз жана ыр түрүндөгү кириш сөзүндө, М.Кашкари «Түрк сөздөрүнүн жыйнагынын» кириш сөзүндө, биз талашпай турган ойлорун жазып кетишкен. Сөзүбүз далилдүү болуш үчүн ошол кириш сөздөрүндө жазган маалыматтардан келтирели.

Ж.Баласагын «Кутадгу билип» дастанынын кара сөз жана ыр түрүндөгү кириш сөздөрүндө мындай деп жазат:

Кара сөз түрүндөгү кириш сөзүндө:

Буграхан тилинде жана түрк сөзү менен
(Эч ким) мындай жакшыраак китепти дегеле жазган жок.

Ыр түрүндөгү кириш сөзүндө:

Китепти окуй турган окурманым,
Көркүнө түрк сөзүнүн нак тунарсың...

деп жазса[1], ал эми М.Кашкари «Түрк сөздөрүнүн жыйнагы» аттуу эмгегинин кириш сөзүндө: «...кыргыз, кыпчак, огуз, тухси, ягма, чигил, игрок, жорук тилдери нукура түркчө», - деп бир жеринде белгилесе, бир жеринде: «Мен түркмөндөр, огуздар, чигилдер, ягмалар, кыргыздардын шаарларын, кыштактарын жана жайлоолорун көп жылдар кезип чыктым, лугаттарын (сөздөрүн) топтодум. Мен бул иштерди тил билбегендигим үчүн эмес, балким бул тилдердеги ар бир кичинекей өзгөчөлүктөрдү да аныктоо үчүн

[1] Юсуп Хас Хажип. Кутадгу билиг. (уйгурча котормосу). - Пекин: Бейжин, 1984. - 4,10-б.

иштедим»[1], - деп өзүнүн эмгегин жазгандыгын эскертет. Демек, бул эки эстеликтин авторлорунун өздөрү жазган маалыматтарынан мындайча жыйынтык чыгарсак болот.

Жусуп Баласагын өзүнүн дастаньшын түрк сөзү менен жаздым деп белгилесе, ал эми М.Кашкари таза түркчө деп эсептеген урууларды ичинде «кыргыз» деген сөз эң биринчи иретте айтылып, ошол кезде түрк элдерин түзгөн калктын, урууларды катарына кыргызды кошкондон кийин, анда Ж.Баласагындын дастанын кыргыз элине таандык мурас деп эсептөөгө толук негиз бар экен деген жыйынтыкка келүүгө болот. Бекеринен, көрүнүктүү түрколог В.В.Радлов 1891-жылы Вамберинин көз карашына толук макул болуп, «Кутадгу билиг» байыркы уйгур тилинде жазылган деп аныктап, кийинчерээк Каирден араб алфавитиндеги кол жазмасы табылгандан кийин, Орхон эстеликтерин изилдегенден кийин бул аныктамасынан өзү баш тарткан эмес.

Демек, М.Кашкаринин «Түрк сөздерүнүн жыйнагы» аттуу эмгегинде кыргыздар бир нече жолу сөзгө алынып, кыргыздар түрк элдеринин бир уруусу, алардын тили нукура түркчө деп жазган маалыматта, түрколог В.Радловдун, котормочу Н.Гребневдин, жазуучу С.П.Бородиндин, проф. К.Артыкбаевдин, жазуучу Ч.Айтматовдун, тарыхчы Ө.Караевдин жазган пикирлеринде канчалык даражада чындык бар экендигин эч кандай изилдөөлөргө таянбастан эле, «Кутадгу билиг» дастанынын оригиналдагы берилген текстин азыркы кыргыз тилине салыштырып көрсөк деле ачык байкалат. Бекеринен: «тилдин тарыхы элдин тарыхы менен, элдин тарыхы тилдан тарыхы менен тыгыз байланыштуу», - деп айтылбаган. Ошондуктан, «Кутадгу билиг» дастанынын латын транскрипциясында жарыяланган оригиналы менен түрк тилдериндеги (өзгөчө, уйгур тилине) котормолорун салыштырып көрүү зарышчылыгы келип чыкты. Буга чейин Ү.Асаналиев, К.Ашыралиев «Кутадгу билиг» эстелигинин тилдик өзгөчөлүктөрү» деген эмгегинде кээ бир сөздөрдүн азыркы калыбында сакталышын гана баамдашат. Атап айтканда: өз, ай, кой, тай, кайда, кир, кел, кеч, чык, көк, арык, лакап, карма, кызыл, кул, бол, муң, сен, мен, мүлк, күмүш, унут, көп, сан, жан, китеп сыяктуу сандаган сөздөрдү ушул калыбында, ушул маанисинде дастанда кездештиребиз деп белгилеп өтүшөт. Чынында эле, дастандын оригиналындагы кээ бир сөздөрдүн жазылышы кыргыздар тарабынан байыртадан айтылып, жазылып жүргөндөй берилген. Мисалы: **терс, сегиз, эки, тогуз, төрт, тишиң, ишиңе, түштү, башында, кокус, эриксе, ачык, кырмачы** деген өңдүү сөздөр. Сөз далилдүү болсун үчүн мисал келтирип көрөлү:

3168. **Оригинал.**

Билим бирле йазлур камуг **терс** түгүн,
Билик бил укуш ук тирлигил өгүн (664-б.)

[1] Кашкарий Махмуд. Туркий сузлар девони (Девону луготит турк) I-III т. Таржиман ва нашрга тайёрловчи С.М.Муталибов. - Ташкент УзССР. ФАНашриёти. - Т 1. - 1960. - 3; 44-б.

Кыргызча мааниси.

Билим менен жазылат бардык **терс** түйүн,

Билимди бил, акылды ук, жашооңду ойло.

Уйгурча котормодо.

Билимле йешилген пүтүн **тес** түгүн,

Билим бил, акыл ук, аңлык йашагын. (665-б.)

Негизинен, бул кош сапты азыркы биздин тилибизге салыштырып көрсөк, кыргыз тилине канчалык жакын экендигин байкоого болот. Эгерде Ж.Баласагын уйгур элинен чыккан инсан болсо, анда дастанында уйгурларга окшоп **«тес, экки, токкуз, секкиз, чишиң, чүштү, оччук** ж.б.» деп жазат эле. Тескерисинче, оригиналдагы мисалдардан көрүнүп тургандай «терс, эки, төрт, тогуз, сегиз, тишиң, түштү, эриксе, ачык, кокус, кырмачы» деп, кыргыздар тарабынан байыртадан айтылып, жазылып жүргөндөй жазган. Мындай мисалдарды дастандын оригиналынан миңдеп кездештирүүгө болот. Мунун өзү дастандын тили түрк тилинде, анын ичинде орто кылымдагы кыргыз тилинде жазылганын эске салып жатпайбы. Себеби, уйгур тилинде **«терс»** түрүндө болуп, кийин **«тес»** болуп өзгөргөнүн, же **«эки», «экки»; «тогуз», токкуз»; «сегиз», «секкиз»; «тиш», «чиш»; «түш», «чүш», «ачык», «оччук»** болуп өзгөргөндөрүнө далилдер жок. Ал эми кыргыз сөздөрүнүн орто кылымда эле **«терс, эки, тогуз, сегиз, тиш, түш, башында, ачык, кырмачы»** болуп жазылып, IX кылым өтсө да өзгөрбөй, дастанда ошол калыбында сакталып, колдонуп келе жатышын эч кандай кокустук дешке болбойт. Демек, мындай изилдөөлөрдү жаратуу жана жаңы-жаңы салымдарды киргизүү бара-бара тактыкты, ийгиликтерди алып келет деген ойдо, оригиналдын тилине поэтикалык котормолордун тилин салыштырыш, кайсы котормо оригиналга жакын которулган, же тескерисинче, кайсы котормо оригиналдан алыс которулуп берилген деген маселенин тегерегинде II главада ой жүгүртүлүп, бир жыйынтык айтууга максат көздөлөт.

Ошондуктан, экинчи глава **«Кутадгу билиг» дастанынын түрк тилдериндеги жана орус тилиндеги котормолору»** деп аталып, ал төрт параграфтан турат.

«Дастандагы главалардын аталыштарынын түрк тилдерине которулушу жөнүндө» деген алгачкы параграфта «Кутадгу билиг» дастанынын бизге жеткен толук нускасы (аны шарттуу түрдө оригиналы деп атаганыбызды жогоруда эскерткенбиз - Т.Н.) 85 главадан, же 13290 саптан тургандыгы эскертилет. Дастандын ушул көлөмү түрк (уйгур, казак, кыргыз, түрк, Үрүмчүдөн чыккан кыргыз тилинде) тилдериндеги жана орус тилиндеги поэтикалык котормолордо толук сакталган. Ал эми өзбек тилиндеги котормодо 12814 сап которулган, уйгурча котормосуна салыштырмалуу 476 сап кыскарып кеткен. Мындай кемчиликке туш болуу котормочу К.Каримов тарабынан болгон көрүнүш. Ошентип, оригиналдагы 85 главанын кээ бир аталыштары түрк тилдериндеги жана орус тилиндеги котормолордо биздин тилибизге түшүнүктүү сөздөр алмаштырылып

которулган, кээ бир маани бере турган сөздөр жоюлуп кеткен. Мындай көрүнүш, өзгөчө Т.Козубековдун котормосунда көбүрөөк орун алгандыгы ачык байкалды. Мисалы, 2-главанын аталышында «Мухаммед Мустафа» аттуу пайгамбар тууралуу баяндай тургандыгы берилген. Мына ушул пайгамбардын аты къфгыз жана орус тилдериндеги котормолордо жоюлуп кеткен болсо, 5-главанын аталышында оригиналдагы биздин тилибизге түшүнүктүү «йулдуз» (жылдыз) деген сөз «планета» деген сөз менен алмаштырылып которулуп берилген. Мындай оригиналдагы түшүнүктүү сөздүн алмаштырылып которулуп берилиши кандай зарылдыпсган келип чыкты? - деген суроо өзүнөн-өзү туулат. Анткени, «жылдыз» менен «планета» деген сөздөрдүн өз алдынча бири-биринен айырмаланган астрономиялык мүнөздүү өзгөчөлүктөрү бар. Атап айтканда, жылдыз ааламдагы таралган тело болсо, ал эми планета күндүн гана тегерегинде эллипс боюнча айлануучу асман телолорунун бири. Ошондой эле, жаратылыштын табияттык жаралуусу жети планета эмес, тогуз планета болуп саналат. Ал эми жети жылдыз «жетиген» аттуу жылдыздан келип чыккан аталыш. Бекеринен кыргыз ырында: «Асмандагы жетиген, ал эмне үчүн жетиден», - деп ырдалып жүргөн жок да... Эгерде главалардын аталыштары туура эмес которулган болсо, анда камтыган мазмундарынын которулушунун кандай болору да айтпасак деле белгилүү болот эмеспи...

Экинчи параграф **«Дастандагы көркөм сөз каражаттарынын котормолордогу абалы»** деп аталат. «Кутадгу билиг» дастанындагы автордун көркөм сөз каражаттары поэтикалык котормолордун ичинен уйгурча, өзбекче, казакча, түркчө, Үрүмчүдөн чыккан кыргыз тилиндеги котормолордо негизинен сакталган, ал эми Т.Козубековдун жана С.Ивановдун котормолорунда, тескерисинче, автордун оригиналдагы берген ойлорунун маңызы толук сакталбай, андагы фразеологиялык сөз айкаштары, татаал көркөм сөз каражаттары, маани берүүчү негизги аттар, азьфкы тилибизге түшүнүктүү сөздөр өз маанисин жоготуп, алмаштырылып которулган. Ошондой эле, Т.Козубеков өзүнүн котормосунун титулдук барагында: «Байыркы түрк тилинен которгон Т.Козубеков» - деген эскертүү берген. Чындыгында, Т.Козубеков байыркы түрк тилинен которбостон казак тилиндеги А.Егеубаевдин котормосун көчүрүү, пайдалануу менен алек болгон жана С.Ивановдун котормосун да кеңири пайдаланган. Буга ынандыруу үчүн мисалдарды эң эле көп келтирүүгө болор эле. Муну 290-291-292-кош саптардын котормолорун талдоо менен далилдөөгө аракет кылып көрөлү. Бул кош саптар оригиналда мындайча берилген.

Муңар түтмес көр бу Нушин Реван,
Укуш көзү бирле йорутти жахан.
Төрү түз йоритти бойиди бөздүн,
Атын ездгү кылды, алэздгү өздин.
Муңар тегди мунлаг биликлиг сөзү
Тамудин йерар теп тамулук өзү. (99-б.)

Кыргызча мааниси.

Ишенбесең көр Нушин Реванды,
Акыл көзү менен дүйнөнү жарыткан,
Мыйзам туура жаратты, эли байыды.
Атын жакшы кылды, ал жакшы убакта,
Буга тийди мындай билимдүүнүн сөзү,
Тозокко түшсө, ага жок тозок азабы.

Автор бул кош саптар аркылуу VI кылымда жашаган адилеттүү, Иран падышасы Нушин Реван тууралуу айтууда, анын акылдуулугу бүткүл дүйнөнү жарыткан жана туура мыйзам жаратуунун негизинде эли байыган, ошонун натыйжасында, анын аты алыска угулуп, билимдүүлөрдүн сөзү ага тийип, тозокко түшсө да, ал тозок отунан кутулган деген сыяктуу ойлорун көркөм чеберчиликте окурмандарга тартуулаган. Автордун мындай максатта ой жүгүртүүсү, бул акыл менен билимдин туруктуу пайдасын көрсөтүүгө арнаган аракети болчу. Мына ушундай ойлору түрк тилдериндеги (уйгурча, өзбекче, түркчө, казакча, кыргазча, Үрүмчудөн чыккан кыргыз тилинде) жана орус тилиндеги котормолордо кандай которулуп берилгендиги жөнүндө маалымат алуу үчүн оригиналдын көптөгөн поэтикалык саптарына салыштыруу менен талдап көрсөтүү аракети жасалды. Мисалы, аталган кош саптын биринчи сабында берилген падышанын Нушин Реван деген негизги атына азыркы поэтикалык котормолордо ар кандай мамиле орун алган. Тактап айтканда, уйгурча, түркчө, казакча, Үрүмчүдөн чыккан кыргаз тилиндеги поэтикалык котормолордо бул негизги ат толук сакталган, ал эми өзбекче, кыргызча жана орусча котормолордо, бул негизги ат жоюлуп, «Бунга ишонмасанг далилини курруң», «Сокур дешет билимсизди - жөн дебе», «Незнающий слеп, - да уверует он:», - деп кайдагы оригиналга туура келбеген сөздөрдү пайдалануу менен которушкан.

Экинчи сабында болсо, «акыл көзү менен» деген идиома оригиналда бар. Бул идиома уйгурча жана түркчө котормолордо туура берилген. Ал эми өзбекче котормосунда: «заковат көзү менен», - деп, «заковат» (сообразительный) деген араб сөзүн пайдалануу менен которгон болсо; казакча котормосунда: «ой, көзүм менен», кыргызча котормосунда: «окуу жана жарык», орусча котормосунда: «учение мир просветлён» деп, оригиналга туура келбеген сөздөрдү кийрүү менен которуп беришкен. Мына ушундан кийин жалпы түрк элдерине түшүнүктүү «акыл көзү менен» деген идиоманы мындай өзгөртүүлөргө учуратуунун кандай зарылчылыгы бар эле? - деген суроо туулат. Ошондой эле, автор падыша Нушин Реванды «акыл көзү менен» бүткүл дүйнөнү жарытты деп айтып жатса, Т.Козубековдун жана С.Ивановдун котормолорунда: «Окуу гана жарык чачат дүйнөгө», «Лишь о ком учение мир просветлен» деп, жогорудагыдай автордун оюн бузушкан. Ошентип, оригиналдагы «укуш», «акыл» (разум) деген сөздү, орусча, кыргызча котормолордо дайыма «окуу», «учение» деген сөздөрү менен алмаштырып, дастандын аягына ошол багыттагы маани орун алып жүрүп отурган.

Экинчи жана үчүнчү кош саптар да Нушин Ревандын ишиндеги натыйжаларын даңктоо үчүн орун берилген. Бул кош саптарда "Мыйзам туура жараткандан эли байыды" деген маанидеги автордун көркөм сөз каражаты, азыркы поэтикалык котормолордун ичинен кайрадан Т.Козубековдун жана С.Ивановдун котормолорунда көркөмдүк өзгөчөлүгү төмөндөтүлүп берилип калган. Себеби, Ж.Баласагындын мыйзам жөнүндөгү көз карашында эң негизги принцип "конун" болгон. Бул конун, ошол доордо жашаган эң төмөнкү таптан (суу ташыгыч) баштап, башкарган падышага чейин бирдей болуш керек жана ага бирдей баш ийиш керек деген принципке негизделген. Автордун мына ушундай принциби Т.Козубековдун, С.Ивановдун котормолорунда жөнөкөйлөштүрүлүп, падыша Нушин Ревандын баалай турган ишинин натыйжасы толук ачылбай, өзүнчө башка бир ойду туюндура тургандай берилип калган. Негизинен, Т.Козубеков С.Ивановдун котормосунан пайдаланып которгондугу далилденип отурат. Себеби, биринчиден, СИвановдун котормосунда кеткен кемчиликтер Т.Козубековдун котормосунда да жолугат; экинчиден, СИвановдун түшүнүгүндө Нушин Реван деген падыша болгон эместир, же оригиналдан которууда бул сөзгө маани берген эмес чыгар. Ошондуктан, бул негизги маанини бере турган атты жоюп жиберген болушу да мүмкүн Демек, "Кутадгу билиг" дастанындагы автордун көркөм сөз каражаттары азыркы поэтикалык котормолордун ичинен уйгурча, өзбекче, казакча, түркчө, Үрүмчүдөн чыккан кыргыз тилиндеги котормолордо сакталган, ал эми Т.Козубековдун жана С.Ивановдун котормолорунда тескерисинче, автордун оригиналдагы берген ойлорунун маңызы толук сакталбай, андагы фразеологиялык сөз айкаштары, татаал көркөм сөз каражаттары, маани берүүчү негизги аттар, азыркы тилибизге түшүнүктүү сөздөр өз маанисин жоготуп, алмаштырылып которулгандыгы көп сандаган мисалдарды талдоо менен далилденген. Мындай кемчиликтер дастандагы көркөм сюжеттин деталдарын которуу аракеттеринде да байкалат.

Ж.Баласагындын "Кутадгу билиг" дастанындагы көркөм сюжеттин деталдары маанилик жана идеялык-эмоциялык жүк көтөрүп, авторго сүрөттөп жаткан окуяны, көрүнүштү, каарманды кайталангыс индивидуалдуулукта ачып берүүгө көмөктөшөт. Ал эми "Кутадгу билиг" дастанында көркөм сюжеттин деталдары каармандардын, же автордун речинде ачык байкалат. Мына ушундай каармандардын.же автордун речинде берилген көркөм сюжеттин деталдары азыркы поэтикалык котормолордо кандай ачылып берилгендиги **"Көркөм сюжеттин деталдары азыркы поэтикалык котормолордо"** деп аталган үчүнчү параграфта талдоого алынды.

"Кутадгу билиг" дастанынын негизги идеясы 12-главада ачылат. Анткени, бул главада бүткүл окуялардын өнүгүшүн алып жүргөн падыша жана адилеттин символу Күнтууду Элиг аттуу каарман сүрөттөлөт.

Күнтууду Эликтин атагы алыска чыгып, падышалык милдети күндөн-күнгө көтөрүлүп, анын жүгүнүн оордугу билинип, бийликтин иши

ушунчалык татаал экендигин түшүнгөндөн кийин, өзүм ишенген, ичи-тышымды айттырбай билген жардамчым болсо деп ойлонот. Падыша Күнтууду Эликтин мындай тилегин сезген Айтолду алыскы жолдо кыйналганына карабастан, падышага кызмат етөөгө жол тартып, акыры Күнтууду Эликтин айылына кирип келет. Бөтөн айылга келгенден кийин таанышы жок, мусапырлар кончу жайга конуп, капа болот. Бара-бара эли менен таанышып, бир өзүнө жакын «Күсөмүш» аттуу дос табат. Ошентип, Айтолду Күсөмүшкө ушул айылга келген максаты, тилеги жөнүндө айтып, ага сырын ачат. Ушул баяндоодон кийин падыша Күнтууду Эликтин турумдуу «Хас хажиби» бар эле деген, автордун сүрөттөөсү берилет. Дастандын оригинальшда мындайча баяндалат.

Оригинал.

505. Элигке йакын Хас Хажиби эрди бир,
Айы Эрсиг Элиг биле сөзге сыр. (142-б.)

Кыргызча мааниси.

505. Элигдин жакын Хас Хажиби бар эле,
Өтө турумдуу, Элиг менен сөзгө сыр.

Бул кош сап азыркы поэтикалык котормолордо оригиналга жакын которулган, бирок кемчиликтерден да алыс эмес. Тактап айтканда, оригиналдагы **«айы» «эрсиг»** деген сөздөр түрк тилдериндеги (өзбек, кыргыз, казак) жана орус тилиндеги котормолордо туура эмес которулган. Бул сөздөр байыркы түрк тилдер сөздүгүндө: «айы» «очень, сильно» (аябай, күчтүү); «эрсиг» «мужественный, доблестный» (кайраттуу, турумдуу) деп которулган[1]. Демек, бул кош саптын экинчи сабы: «Өтө турумдуу, Элиг менен сөзгө сыр» деген маани котормодо сакталуу керек эле. Ал эми Т.Козубековдун котормосунда: «Эрсиг аттуу ханыша жакын неме»; К.Каримовдун котормосунда: «Өтө Эрсиг хукли ва орорманда элиг билан бара-бара эди»; А.Егеубаевдин котормосунда: «Есили-Ерсиг, еликке сай жан эди»; С.Ивановдун котормосунда: «Кто был ему ближе - Эрсиг его звали», - деп, туура эмес которушкан. Булардын ою боюнча падышанын «Хас хажиби» бар десе эле, анын аты «Эрсиг» болуш керек деген мааниде которуп беришкен. Мындай которулуп берилиши оригиналдагы «өтө март, өтө турумдуу» деген туруктуу эпитеттин бузулушуна жол берип коюшу болуп саналат. Ошондой эле, автордун оригиналдагы башкы сөзүндө төрт каарман деген баяндоосу четке кагылып, дастандын сюжеттик өнүгүшүндө башка каармандын пайда болушуна шарт түзүлүп калгандай берилип калган. Ошентип, мындай эч негизсиз өзгөрүү дастандын көркөмдүк өзгөчөлүктөрүн төмөндөтүп койгондугу байкалат.

Төртүнчү параграф **«Дастандагы көркөм образдардын ой дүйнөсүнүн котормолордо берилиши тууралуу»** деп аталат.

«Кутадгу билиг» дастанында падыша Күнтууду Элик менен вазир Өгдүлмүштүн аңгемелешүүлөрү 14 маселеге байланыштуу жүргүзүлөт.

[1] Древнетюркский словарь / Редакторы В.М.Наделяев, Д.М..Насилов, Э.Р.Тенишев, А.М.Щербак. - Ленинград: Наука, 1969. - С. 28, 181.

Мына ушул 14 маселе тегерегинде айтылган кээ бир орчундуу жооптордун берилишин поэтикалык котормолордон байкап көрүү аракети бул параграфта сөзгө алынат. Мисалы, падыша Күнтуудунун: «Улуу хажип кандай болуш керек?», - деген суроосуна вазир Өгдүлмүш мындайча жооп берет:

Улуу хажип адилеттүү, түбү жакшы, эстүү, тарбиялуу, мүнөзүнөн үлгү ала тургандай, көзү ток, ар-намыстын ээси болуу керек. Мындан сырткары, келбети сүйкүмдүү, ар бир ишти уга билген, тандай билген, көзү ачык болушу керек. Хажиптик милдетке катуу сындан өткөн, тандалып чыккан адам гана ээ боло алат. Себеби, анын аткарган милдети өтө жооптуу, ички жана тышкы иштердеги келишпестиктерди тазалап турушу керек. Ушундай улуу хажипке берилген мүнөздөмөлөрдүн ичинде мындай деген бир кош сап кезигет.

2477. Эмне деген уккунуң, бир мүнөз адам,

Көңүлүңө, тилиңе, оюңа тут ай, **кекчил** адам.

Ушул маанидеги кош сап оригиналда мындайча берилген.

2477. Негедер эшиткин кичи алчаки,

Көңүл тил кичик тут, ай **эр кывчаки.** (530-б.)

Автор бул кош сапта: «бир мүнөз адамдын сөзүн угуп, көңүлүнө, тилиңе түйүп ал», - деп, «кекчил адамга» кайрылуу иретинде мындай деген лирикалык чегинүү жасайт.

«Эгерде дилиң таза болсо, бакытка ээ болосуң, жакшы сөзүң болсо, жылааны ийинден чыгарасың, ошондо гана элдин алкышына жетесиң», - дейт. Мындай автордун лирикалык чегинүүсү азыркы поэтикалык котормолордо ар башка которулган. Тактап айтканда, оригиналдагы «кывчак» (кекчил) деген сөз, уйгурча, өзбекче, казакча котормолордо оригиналдын өзүндөй которулуп, бул сөзгө өздөрүнүн мындайча түшүндүрмөлөрүн беришет.

Уйгурча котормодо котормочулар «кывчак» деген сөздүн маанисин: «иши бош, кавак» дегенди билдирет десе, казакча котормонун аяккы түшүндүрмөсүндө котормочу А.Егеубаев: «С.Н.Иванов «Злочастный» деп аударган. Уйгур тілінде "куучаң" (іші бос, кеуек) деп алыныпты. Өзбек тіліинде "кившак (мардан булган) кісі. Біз түп нусканы сактадык (Наманган)»[2], - деп жазса, Т.Козубеков өзүнүн котормосунда да «кыпчак» деп которуп, мындайча түшүндүрмө берген: «Түя нусканын 2439 бейтинде ушундай кайрылуу бар. Орусча котормодо бул көрсөтүлбөгөн»[3]. Албетте, бул сөз көрсөтүлбөйт. Себеби, «кывчаки» деген сөздүн оригиналдагы берген мааниси башка. Тактап айтканда, «кывчаки» деген сөз, байыркы түрк тилдер сөздүгүндө «неудачливый, злополучный» (жолу болбогон, кекчил) деп которулган. Атүгүл, бул кош саптын да котормосу мындайча которулган:

Послушай что говорит скромный из людей,

[1] Юсуп Хас Хажип. Кутадгу билиг. (уйгурча котормосу). - Пекин: Бейжин, 1984, 1132-б.
[2] Жусш Баласагын. Кутты білік. (казакча котормо). Алматы: Жазушы, 1986, 610-б.
[3] Жусуп Баласагын. Куг алчу бюгам. (Кыргызча котормо). - Ф.: Кыргызстан, 1988, 221-б.

Будь скромным в речах и мыслях, эй злополучный из мужей[1].

Демек, оригиналдагы «кывчак» деген сөздүн мааниси «кекчил» дегенди билдирет. Мындай айырмачылыкты байкаган котормочу С.Иванов өзүнүн котормосунда «злочастный» деп туура которгон. Ал эми жогоруда көрүнүп тургандай, Т.Козубеков мындай өзгөчөлүктү түшүнбөй, өзүнүн түшүндүрмөсүндө С.Ивановдун котормосунун кемчилиги катары көрсөтүп койгон. Ошентип, уйгурча, өзбекче, казакча жана кыргызча котормолорду колго алып окуган окурман «кыпчак» элинин уруусунан чыккан адамга кайрылып жаткандай түшүнүшү мүмкүн. Бирок Ж.Баласагын бул жерде жогоруда айтып өткөндөй «кывчак» уруусундагы адамга кайрылбастан, кээ бир адамдардын мүнездөрүндө калыптанган «кекчил адамга» кайрылуусу болуп саналат. Ошондуктан, Т.Козубеков тыбыштык окшоштугу боюнча «кыпчак» деп, азыркы тилге которуп койбой, байыркы түрк тилдер сөздүгүнүн жардамы менен которуп бериши керек эле.

Жыйынтыктап айтканда, Ж.Баласагын жана анын «Кутадгу билиг» дастанынын котормолорун иликтөө кандай жыйынтыктарды, илимий сунуштарды айтууга мажбурлады?

XX кылымдын 60-жылдарынан 80-жылдарына чейин «Кутадгу билиг», «Дивани лугат ат-тюрк» (Түрк сөздөрүнүн жыйнагы) адабий эстеликтери жалпы түрк элдерине бирдей таандык деген концепция өкүм сүрүп келсе, 80-90-жылдары буга кескин өзгөртүү киргизилди. Аталган адабий эстеликтер түрк элдерине таандык орток адабий мурас болуу менен бирге, алардын кыргыз топурагында жаралып, байыркы түрк тилинде, анын ичинде кыргыз тилинде жаралгандыгы көбүрөөк далилденди, ошондой эле, «Кутадгу билиг» дастанынын түрк тилдериндеги котормолорун талдоо жана илимий иликтөө, биринчиден бул адабий эстеликтин түрк тилинин ичинде орто кылымдагы кыргыз тилинде жазылгандыгын ачык далилдөөчү көптөгөн тилдик өзгөчөлүктөрдүн фактыларын ачууга мүмкүндүк берди; экинчиден, кайсы түрк тилдериндеги котормо оригиналга жакын которулгандыгын, же тескерисинче, оригиналдан көбүрөөк четтеп кеткенин байкоого мүмкүндүк түзүлдү. Атап айтканда:

Өзбек талиндеги котормо түрк тилдериндеги жана орус тилиндеги котормолордун ичинен эң биринчи жарыяланган котормо болуп эсептелет. Дастандын композициялык-сюжеттик мазмунун, автордун тапкан көркөм сөз каражаттарын туура түшүнүп, оригиналга жакындаштырып которуп берүү аракети негизинен ишке ашкан. Түрк тилдериндеги жана орус тилиндеги котормолордун ичинен өзбекче котормонун айырмаланган мүнөздүү өзгөчөлүгү - оригиналды сөзмө-сөз которуп берүү максаты көздөлгөндүгүндө. Ал эми өтө мүнөздүү кемчилиги - оригиналдагы 476 саптардын эч негизсиз эле которулбай кыскарып кеткендигинде.

Уйгур, түрк, казак тилдериндеги котормолор да оригиналга жакын которулган, автордун көркөм сөз каражаттары негизинен сакталган, өтө

[1] Древнетюркский словарь / Редакторы: В.М.Наделяев, Д.М.Насилов, Э.Р.Тенишев, А.М.Щербак. - Ленинград: Наука, 1969. - С. 448.

мүнөздүү олдоксон кемчиликтерин кезиктирүүгө болбойт. Ал эми уйгур тилиндеги котормонун негизинде жарыяланган Үрүмчүдөн чыккан кыргыз тилиндеги котормо да оригиналга жакын которулган жана анда котормочулардын ийгиликтеринин көбүрөөк экендиги байкалды. Ошентип, өзбек; уйгур, түрк, казак, Үрүмчүдөн чыккан кыргыз тилиндеги котормолордо котормочулар оригиналга жакын болууга умтулушса, кыргыз жана орус тилиндеги котормолордогу текстте көп учурда оригиналдагы маанилерден четтеп кеткендик байкалды. Мындай ойду эмгегибиздеги келтирилген көптөгөн мисалдар деле бир аз элестете алды го деп ойлойбуз жана кетирген кемчиликтери да буга күбө болот.

Орус тилиндеги котормонун да көп татыктуу жактары бар десек жаңылышпайбыз. Албетте, котормодо кеткен кемчиликтерин жашырууга болбойт, бирок ийгиликтерин да унутпоого тийишпиз. Бул котормонун дурус деп айтарлык өзгөчөлүгү - «Кутадгу билиг» дастанынын тилин түшүнүп, аны азыркы орус тилиндеги котормо катары жарыялап бергендигинде болуп отурат. XI кылымда жашап өткөн Ж.Баласагындын тили, доору жөнүндө орус элдеринин окурмандарына туура маалымат бере алгандыгы, өзүнүн тилдик колоритине жараша сыйымдуу көркөм чеберчиликте которуп бергендигин ыраазычылык менен белгилөөгө болот. Ошентип, орус тилиндеги котормого салыштырмалуу кыргыз тилине которгон Т.Козубековдун котормосуна кечиримдүүлүк жок деп кескин айтууга да болор эле. Себеби, Т.Козубековду котормосуң «байыркы түрк тилинен которгон», - деп айтуудан алыспыз. Анткени, Т.Козубеков байыркы түрк тилинен которбостон, казак тилиндеги А.Егеубаевдин котормосун пайдалануу, көчүрүү менен алек болгон жана С.Ивановдун котормосун кеңири пайдаланган.

Ошентип, «Кутадгу билиг» дастанынын түрк тилдериндеги жана орус тилиндеги котормолорун илимий иликтөө аркылуу, айрым корутундуларды айтуу менен бул котормолор жөнүндө келечекте кандай иштерди жүргүзүү өтө зарыл деген маселелер боюнча төмөндөгүдөй сунуштарды айтууга туура болор эле:

1. Т.Козубековдун котормосу талапка толук жооп бере албагандыктан, аны кайра компетенттүү, таланттуу акынга берип кортуу керек. Ансыз, бул улуу дастандын багы ачылбай, кыргыз окурмандарына жеткиликсиз бойдон кала бериши мүмкүн.
2. Орто мектептердин окуу китептерине киргизилип, окутулуп жаткан «Кутадгу билигдин» тексттерин, атап айтканда «Дыйкандар жөнүндө», «Акындар жөнүндө», «Кол өнөрчүлөргө кандай мамиле жасоо жөнүндө», «Дарыгерлер жөнүндө» аттуу главаларын кайра тезинен которуп, окуучуларга туура түшүнүк берүү өтө зарыл.
3. Жогорку окуу жайларынын филология факультеттеринде «Көркөм котормонун проблемалары» деген чоң курсту окутуу зарыл, ушул курстун ичине байыркы түрк адабий эстеликтеринин азыркы котормолору жөнүндөгү бөлүк чоң көлөмдү ээлеши зарыл.

мүнөздүү олдоксон кемчиликтерин кезиктирүүгө болбойт. Ал эми уйгур тилиндеги котормонун негизинде жарыяланган Үрүмчүдөн чыккан кыргыз тилиндеги котормо да оригиналга жакын которулган жана анда кормочулардын ийгиликтеринин көбүрөөк экендиги байкалды. Ошентип, өзбек, уйгур, түрк, казак, Үрүмчүдөн чыккан кыргыз тилиндеги кормолордо кормочулар оригиналга жакын болууга умтулушса, кыргыз жана орус тилиндеги кормолордогу текстерде көп учурда оригиналдагы маанилерден четтеп кеткендик байкалды. Мындай ойду эмгегибиздеги келтирилген көптөгөн мисалдар деле бир аз элестете алды го деп ойлойбуз жана кетирген кемчиликтери да буга күбө болот.

Орус тилиндеги котормонун да көп татыктуу жактары бар десек жаңылышпайбыз. Албетте, котормодо кеткен кемчиликтерин жашырууга болбойт, бирок ийгиликтерин да унутпоого тийишпиз. Бул котормонун дурус деп айтарлык өзгөчөлүгү - «Кутадгу билиг» дастанынын тилин түшүнүп, аны азыркы орус тилиндеги котормо катары жарыялап бергендигинде болуп отурат. XI кылымда жашап өткөн Ж.Баласагындын тили, доору жөнүндө орус элдеринин окурмандарына туура маалымат бере алгандыгы, өзүнүн тилдик колоритине жараша сыйымдуу көркөм чеберчиликте которуп бергендигин ыраазычылык менен белгилөөгө болот. Ошентип, орус тилиндеги котормого салыштырмалуу кыргыз тилине которгон Т.Козубековдун котормосуна кечиримдүүлүк жок деп кескин айтууга да болор эле. Себеби, Т.Козубековду котормосун «байыркы түрк тилинен которгон», - деп айтуудан алыспыз. Анткени, Т.Козубеков байыркы түрк тилинен которбостон, казак тилиндеги А.Егеубаевдин котормосун пайдалануу, көчүрүү менен алек болгон жана С.Ивановдун котормосун кеңири пайдаланган.

Ошентип, «Кутадгу билиг» дастанынын түрк тилдериндеги жана орус тилиндеги кормолорун илимий иликтөө аркылуу, айрым корутундуларды айтуу менен бул кормолор жөнүндө келечекте кандай иштерди жүргүзүү өтө зарыл деген маселелер боюнча төмөндөгүдөй сунуштарды айтууга туура болор эле:

1. Т.Козубековдун котормосу талапка толук жооп бере албагандыктан, аны кайра компетенттүү, таланттуу акынга берип кортуу керек. Ансыз, бул улуу дастандын багы ачылбай, кыргыз окурмандарына жеткиликсиз бойдон кала бериши мүмкүн.
2. Орто мектептердин окуу китептерине киргизилип, окутулуп жаткан «Кутадгу билигдин» текстерин, атап айтканда «Дыйкандар жөнүндө», «Акындар жөнүндө», «Кол өнөрчүлөргө кандай мамиле жасоо жөнүндө», «Дарыгерлер жөнүндө» аттуу главаларын кайра тезинен которуп, окуучуларга туура түшүнүк берүү өтө зарыл.
3. Жогорку окуу жайларынын филология факультеттеринде «Көркөм кормонун проблемалары» деген чоң курсту окутуу зарыл, ушул курстун ичине байыркы түрк адабий эстеликтеринин азыркы кормолору жөнүндөгү бөлүк чоң көлөмдү ээлеши зарыл.

4. «Кутадгу билигдин», «Түрк сөздерүнүн жыйнагынын» 900 жылдыктарына байланыштуу мурда Советтер Союзунун учурунда Бүткүл союздук түркологиялык конференциялар өткөрүлгөн эле. Азыр ал деңгээлде болбосо да, өз мүмкүнчүлүгүбүзгө жараша «Кутадгу билиг» жөнүндө, анын түрк тилдериндеги котормолору жөнүндө эл аралык илимий конференцияларды өткөрүп, материалдарды чыгарууну колго алуу пайдалуу болор эле.
5. Жусуп Баласагындын 980-жылдыгын өткөрүү жана анын атын Кыргыз мамлекеттик улуттук университетине коюу, Бишкек шаарынын бир чоң көчөсүнө анын атын берүү, эстелик орнотуу маселелерин тездетип чечүү өтө Зарыл. (Скульптор Т.Садыковдун жасаган даяр эстелиги бар экенин да унутпайлы).
6. «Кутадгу билиг» дастанынын түрк тилдериндеги поэтикалык котормолору жөнүндө спецкурсту бардык окуу жайларынын филология факультеттеринин окуу планына киргизүү аябагандай орундуу иш болор эле.

Изилдөөнүв негизги мазмуну төмөнкү эмгектерде жарык көрдү:

1. Жусуп Баласагындын «Кутадгу билиг» дастаны жана анын азыркы котормолору // Вест. Кырг.гос.нац.унив-та. Серия филол.наук. - 1998, ч.1. - 196-200-б.
2. Жусуп Баласагын»Кутадгу билиг» дастанын кандай арипте жазган? //Вестн.Кырг.гос.нац.универ. Сер.филол.наук. - 1998, ч.1. - 200-206-б.
3. Ж.Баласагындын «Кутадгу билиг» дастанынын аталышы жөнүндө //Вестн.Кырг.гос.нац.универ. Сер.филол.наук. - 1998, ч.Ш. - 116-120-б.
4. Ж.Баласагындын «Кутадгу билиг» дастанынын азыркы түрк тилдериндеги жана орус тилиндеги котормолору тууралуу //Вестн.Кырг.гос.нац.универ. Сер.филол.наук. - 1999, ч.1. - 154-160-б.
5. «Кутадгу билиг» дастанынын тили // Вестн.Кырг.гос.нац.универ. Специальный выпуск. Гуманитарно-экономические науки. - 1999. - 9. - 15-б.
6. «Кутадгу билиг» дастанындагы каармандардын символдору // Вестн.Кырг.гос.нац.универ. Сер.филол.наук. - 1999, ч.1. - 160-166-б.
7. Ж.Баласагывдын «Кутадгу билиг» дастанындагы главалардын аталыштарынын азыркы түрк тилдериндеги жана орус тилиндеги котормолордо которулушу // Вестн.КГНУ. Сер.филол.наук. - 1999, ч.II. - 230-236.
8. Бүткүл түрк элдерине таанылган орто кылымдагы мурас // Эл агартуу. 2000. - № 7-8. - 79-82-б.
9. Жусуп Баласагындын «Кутадгу билиг» дастанынын түрк тилдериндеги жана орус тилиндеги котормолору // Вестник КГНУ. Сер.филол.наук. - 2001, ч.1, 55-61-б.

Ю.«Кутадгу билиг» дастандагы коркөм образдардын ой-дүйнөсүнүн котормолордо берилиши тууралуу // Приложение к журналу «Наука и новая технология» «Гуманитарные науки». - 2001, № 1, 113-115-б.

Н.Турдубаеванын "Жусуп Баласагындын "Кутадгу билиг" дастаны жана анын түрк тилдериндеги котормолору" аттуу кандидаттык диссертациясына

РЕЗЮМЕ

Диссертацияда Жусуп Баласагын (же Юсуф Баласагуни, Юсуф Баласагунский) жана анын "Кутадгу билиг" дастаны түрк элдеринин адабият таануу илиминде жалпы түрк элдерине таандык орток адабий мурасбы, же бир элдин энчиси катары каралышы керекпи, өзгөчө, кыргыз адабият таануу илиминде кандай талаш-тартыштарды туудурду деген маселелердин кайсынысы чындыкка жакын, же андан алыстаган көз караштарды ачып берүү колго алынат.

Жогоруда аталган маселелер эмнелерге негизделип айтылгандыгын аныктоо үчүн түрк тилдериндеги (өзбек, уйгур, казак, түрк, кыргыз, Үрүмчүдөн чыккан кыргаз талиңдеги) жана орус тилиндеги котормолору түп нускага салыштырылып, алардагы оң, терс көрүнүштөр ачык аныкталат. Белгилүү илимий корутундуларды айтууга мүмкүнчүлүк берилет.

РЕЗЮМЕ

диссертационной работы Турдубаевой Н. Ш. на соискание учёной степени кандидата филологических наук на тему поэма «Кутадгу билиг» Жусупа Баласагына и его переводы на тюркские языки»

Диссертация посвящена проблеме художественного перевода поэмы «Кутадгу билиг» (Благодатное знание) Жусупа Баласагына (или, Юсуф Баласагуни, Юсуф Баласагунский) на тюркские языки.

Раскрывается художественное своеобразие наследия Жусупа Баласагына и, в частности, исследуется проблема принадлежности данного наследия тому или иному тюркоязычному народу.

В диссертации проводится сравнительный анализ русского, узбекского, уйгурского, казахского, турецкого, кыргызского вариантов поэмы, в том числе, Урумчинского издания его произведения, опубликованного на кыргызском языке, что позволяет сделать выводы о качестве переводов. Это также даёт возможность намного глубже и всестороннее раскрыть художественные особенности бессмертной поэмы.

Resume

This document is written in support for the dissertation work on the candidate degree of philology studies of the Turdubaeva N.S. The thesis of the paper is a poem "Kutadgu Bilim" by Jugut Balasagyn and its translations to Turkic languages.

The dissertation deals with the literary translations of the "Kutadgu Bilim"(The Happiness of Knowledge) to the Turkic languages. The paper outlines and opens literary uniqueness of Jugut Balasagyn's heritage, and also researches a problem of identity of this work of art to any Turkic nation.

The work of Turdubaeva presents a comparative analysis of different versions of the poem translated into Russian, Uzbek, Uigour, Kazakh, Turkish and Kyrgyz languages, including the Kyrgyz version of the poem, which was published in Urumchi, which makes it possible to draw conclusions about the quality of translation. It also gives a possibility to dwell upon the literary originality of this immortal poem.